***УДК: 894. 341-3***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.59.39***

***Жолмат кызы Д.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ*

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРДАГЫ АҢГЕМЕЛЕРДИН СЮЖЕТИ МЕНЕН КОМПОЗИЦИЯСЫ

**_Кыскача мазмуну_**

*Бул макаласында авторлор Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк жылдарында кыргыз авторлорунун аңгемелеринин сюжеттик жана композициялык курулушуна басым жасашкан. Аңгемелердеги каармандын жан дүйнөсүн психологиялык жактан изилдөө, анын мүнөзүн ачуу сыяктуу көркөм функциялар аркылуу тыгыз байланышта болгон сожет, композиция, портрет каралат. Кыргыз жазуучуларынын аңгемелеринин мисалында авторлор чыгарманын мазмунун түшүнүү үчүн композициянын маанилүүлүгүн көрсөтүшөт, анткени композиция окурмандардын окуяны кабыл алуусуна таасир этет. Макаланын алкагында аңгеме жанрынын спецификалык өзгөчөлүктөрүн, поэтикасын, көркөм деталынын функциясын аныктоого аракеттер жасалган. Заманбап жазуучулар колдонгон жаңы көркөм жана визуалдык ыкмаларды жана каражаттарды бөлүп көрсөттү дегендик. Авторлор макалада көрсөтүлгөн проблеманы изилдөөгө арналган бай адабий-теориялык материалды системалаштырган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *көркөм детал, жанр, кыргыз жазуучусу, сюжет, композиция, портрет, психология.*

# СЮЖЕТ И КОМПОЗИЦИЯ РАССКАЗОВ, СОЗДАННЫХ В ГОДЫ СУВЕРЕННОГО КЫРГЫЗСТАНА

**_Аннотация_**

*В данной статье авторы акцентируют свое внимание на построение сюжета и композиции рассказов, созданных кыргызскими авторами в годы независимости Кыргызской Республики. В частности, рассматриваются сюжет, композиция, портретные зарисовки, которые тесно взаимодействуют через такие художественные функции, как психологическое исследование души персонажа и раскрытие его характера. На примере рассказов кыргызских писателей показаны важность композиции произведения для понимания смысла, поскольку композиция влияет на восприятие рассказа читателями. Авторами в рамках данной статьи предприняты попытки определить специфические особенности жанра рассказа, поэтику и функцию художественных деталей. Новые художественно-изобразительные способы, приемы и средства, используемые современными писателями. Авторы систематизировали, богатый литературно-теоретический материал, посвященный исследованию указанной в статье проблемы.*

***Ключевые слова:*** *художественная деталь, жанр, кыргызский писатель, сюжет, композиция, портрет, психология.*

# THE PLOT AND COMPOSITION OF STORIES WRITTEN DURING THE YEARS OF SOVEREIGN KYRGYZSTAN

**_Abstract_**

*In this article, the authors focus their attention on the construction of plot and composition of stories created by Kyrgyz authors during the years of independence of the Kyrgyz Republic. In particular, the plot, composition, portrait sketches are considered, which interact closely through such artistic functions as psychological study of the character's soul and disclosure of his character. The examples of short stories by Kyrgyz writers show the importance of composition for understanding the meaning of a work, as the composition affects the readers' perception of the story. The authors have attempted to identify the specific features of the story genre, the poetics and function of artistic details within the framework of this article. New artistic and imaginative ways, techniques and means used by contemporary writers. The authors have systematized the rich literary-theoretical material which is devoted to the study of the problem mentioned in the article.*

***Key words:*** *artistic detail, genre, Kyrgyz writer, plot, composition, portrait, psychology.*

Сюжет – нерсе, предмет деген маанини түшүндүрүп, адабият таануу илиминде басымдуулук кылган көз караш боюнча прозалык же драмалык чыгармалардагы окуялардын системасы, өөрчүп отурган кыймыл – аракеттердин жыйындысы. окуялар системасынын же жеке бир окуянын ырааттуу баяндалышы, ал эми фабула деп андагы негизги көркөм конфликт аталат. Сюжетти композициянын бир формасы, турмушту аңдап билүүнүн каражаты, Дүйнөлүк адабият таанууда "сюжет" терминин синоними катары "фабула" термини колдонулат. Бирок айрым илимпоздор ал эки терминге башка – башка маани берүүгө аракет кылышкан. Мындай көз караштан алып караганда сюжет деп чыгармадагы болмуштун (бытье) концепциясы деп караган илимпоздор да бар. Айталы, М. Горький сюжетти "адамдардын байланышы, карама – каршылыктары, симпатия менен антипатиясы, жалпы жонунан өз ара мамилелери", ошондой эле "тигил же бул мүнөздүн, типтин өсүш же түзүлүш тарыхы" [1, 215-бет.] деп аныктайт. Сюжет чыгарманын мазмунун да формасын да жаратууга тике катышып, башы, ортосу, аягы бар бүкүлү бир окуя катары көрүнөт. Бүткүл окуянын ар кайсы бөлүктөрү сюжеттин элементтери (экспозиция, окуянын чиелениши, өнүгүшү, кульминациялык чекитке жетиши, чечилиши) деп аталат. Бирок сюжеттин элементтери бардык эле чыгармаларда ырааттуу кайталанбайт, ар кайсы чыгармада ар кандай боло бериши толук мүмкүн, бул автордун жеке чыгармачылыгына жараша нерсе. Лирикада ырдагы акындын көзү менен каралып, түшүнүлүп, сүрөттөлгөн окуя, ал эми сүрөт өнөрүндө автордун картинасындагы сүрөттөлгөн окуя же ситуация катарында каралат.

Адабият теориясында сюжет маселеси окумуштуу А. Медетовдун илимий изилдөөсүндө сюжеттин (фабуланын) чыгармадагы аткарган милдеттерин кенен чечмелесе, адабиятчы Ү. Касыбеков сюжетти теориялык аспектиден кенен караштырып, бул категориянын тарыхый жана геникалык эволюциясын туура аныктаган. "Көркөм ойдун өнүгүшүнүн ар кайсы этабында турмуштук материалды көркөмдөп иштеп чыгуунун принциптери фольклордо жана жазма адабиятта ар кандай болоору жалпыга маалым. Бирок алардын өтмө катыштыгы ар дайым сакталып калат" [2, 23-бет.]. Анын пикиринде кыргыздын элдик оозеки адабиятында кылымдар бою калыптанып келген көркөм чыгармачылыктагы сюжет куруу маселеси акырындап жүрүп олтуруп жазма профессионал адабияттын кыртышына киргенин, сюжет маселесинде жазма профессионал адабият фольклордук салтты колдонбой, же четке кагып өз алдынча өнүгө албайт эле. Кызыгы, Ү. Касыбеков бул маселени чечмелеп жатып, кыргыз повесттеринин же романдардын мисалында эмес аңгеменин, болгондо да К. Баялиновдун "Ажар" аңгемесинин (кээде муну повесть деп да жүрүшөт) мисалында чечмелейт. Анын пикирине карата өзүнүн алгылыктуу ойлорун адабиятчы А. Медетов билдирип, маселенин теориясын андан ары тереңдетет, ал минтип жазат: "Ү. Касымбековдун ою маселенин бир гана жагы, анткени сюжет өзүнүн татаал табиятына жараша үч тармакка бөлүнүп изилдениши керек: сюжет куруу (сюжетостроение), сюжет санжаптоо (сюжетосложение) жана сюжет түзүү (сюжетообразование). Андан ары А. Медетов адабиятчы С. Жигитовдун пикирине кайрылып, адепки аңгемелерин жаратыш үчүн биздин биринчи прозаиктер элдик дастандардын, уламыштардын, жөө жомоктордун сюжеттерине кайрылбастан, биринчи кезекте өздөрүнүн көргөн – билгендерине кайрылышкан" [3, 5-бет.] деген оюн айтат. А. Медетовдун пикирлери сюжеттин теориялык маселелерин туура аныктоого кыйла жакын.

Сюжет куруу маселеси кыргыз адабиятында тээ жыйырманчы жылдардан тартып сексенинчи жылдардын аягына чейин улам жакшырып келгени, ошол салттык жөрөлгөлөр эгемендүүлүк жылдардагы аңгемелерге да өттү. Ырас, жетимишинчи – сексенинчи жылдардагы аңгемелерде аталган маселе кыйла дурус иштелген десек, буга ошондогу авторлордун талантынын, тажрыйбасынын олжосу катары карашыбыз керек. Эгемен жылдардагы кыргыз аңгемелеринин ичинен Э. Ажыкановананын "Боз дүйнө", А. Муратовдун "Гаргарчи", М. Сатыбалдиевдин "Көз ирмем", Э. Элчибектин "Иззудин" аңгемелерин, Ө. Абдыкалыковдун аңгемелер жыйнагындагы айрым чыгармаларын, Ч. Абдраеванын "Шейиттер үнү" жыйнагындагы айрым аңгемелерди айтууга болот.

Деген менен сюжет, анын бирдиктүү структурасынын чийининен чыкпай жазуу керек деген талап коюлбайт, айрым учурларда чыгармада сюжет болбошу деле мүмкүн. Бирок мындай стиль кыргыз жазуучуларында аз эле кездешпесе, биздин жазуучулар сюжетти кууп алуу адатын коё элек. Эгемен жылдардагы кыргыз аңгемелерин карап олтуруп ушул сюжетсиз аңгемелердин чанда кезиккенин көрөбүз, антсе да жаш жазуучу Жаныбек Райдын "Авангард" деген аңгемеси [4, 84-96 бет.] сюжет кубалабай, соңку жылдардагы аңгемелерден бир аз башкачараак жазылган чыгарма экен. Аңгеменин аты айтып тургандай сүрөт искусствосу тууралуу каармандын түшүнүктөрү, айылдан шаарга сүрөтчүлүк окуусуна келген Омош аркылуу автор өзүнүн айтайын деген оюн айтат. Омош Чонтоев сүрөтчүлүк таланты бар, ошол эле мезгилде көп окуган, көптү билген жигит. Бирок анын портретин түзүүдө автор аша чаап кеткени да бар, айталы, айылдан эми эле шаарга келип, Чуйков атындагы сүрөтчүлүк окуу жайына кирген жигиттин өзүн сүрөтчүлүк өнөрдөгү "гений" эсептеши, Сальвадор Дали, искусстводогу социалисттик реализм методу, модернизм, постмодернизм, авангардизм тууралуу терең түшүнгөнү, жадесе, Сальвадор Дали, Джек Лондондун Мартин деген каарманы, классикалык искусствонун өкүлү Диас, Казимир Малевич, Тициан, Веласкес, Гоген сыяктуу адамдарды билиши бир аз кооптонтот. Дагы бир таң калыштуу көрүнүш – баласы шаарга окууга жөнөп жатканда атасы элде салтка айланган тумар эмес, же камчы да эмес, тээ илгери өлүп калган эшегинин куйругун берип, "муну сактап жүр, ишиңди оңдойт", - деп бергени болду. Ошентип, кыялданып жүргөн Омош ага сабак берген профессор Давид Натановичтин жардамы менен чоң сүрөтчүгө айланганын билебиз. Аңгеменин жыйынтыктоочу саптарын окуйлу:

- Супер авангард! Нео авангард!

Эчкидей сакалдуу сүрөтчү арык бетин олутту бүрүштүрө, ичке сөөмөйүн көтөрдү.

- Омош Чонтоев – революционер!

- Жо – жоок, ал азыркы искусствонун новатору!, - деди, мурдагы Омоштун сүрөттөрүн "эскинин калдыгы" деген кесиптеши.

- Анын "Күйөөсүн муштаган келин" аттуу чыгармасында психологиялык татаал образдын ушунчалык терең чечилиши, күйөөсүнүн зомбулугуна чыдай албаган келиндин агрессияга айланышы дегенди дүркүрөтөт.

“Эшектин коделегичи!” Хи-хи-хи! Картиналардын аты да авангард экен! “Очеке менен Мочекенин көз кысышканын” айтсаң!

- Оф – фой, ал шедевр! Адамдын ичиндеги айтпайын дегениңди айткызат!

- Гений! Гениалдуу чыгармаларды жаратыптыр!, - дешип, чогулгандар күбүрөшүп, шыбырашып жатышты.

- Жаш сүрөтчү – Омош Чонтоев келатат, тосуп алыңыздар!

Фотоаппараттар чыркылдап, шарактаган кол чабуулар токтобой, Омоштун алгачкы сүрөт көргөзмөсүнө келген эл залга батпай толкуп турду, сүйүп турду [4, 96-97 бет.]. Аңгеме окурмандардын калың катмарына эмес, көркөм өнөр жаатында түшүнүгү барлар үчүн жазылгандай таасир калтырат. Автор каарманынын мындай деңгээлге жетиши үчүн чыгармачылыктагы түгөнбөгөн түйшүктөр аркылуу алып келсе болмок. Аңгеме эгемендүүлүктүн оожалып калган мезгилинин туундусу катары кыргыз аңгемелеринин абалын билдире алат.

Эгемендүүлүк жылдардын жашоо мүнөзүн чагылдырган дагы бир аңгеме К. Сыдыгалиевдин “Бомж” аңгемеси [5, 36-51 бет.]. Советтер союзу ыдырай электе заводдо электрик болуп иштеп жүргөн Касымбек эми ар кайсы жерден табыда калган ар кандай жумуштар менен алек. Аялы Зарылдын, кийин аларга кошулуп жашап калган бомж аял Зоянын көркөм образдары мыкты иштелген чыгарма катары баалана турган аңгеме ушул экен. Автордун каармандары – Касымбек да, Зарыл да, Зоя да типтүү кырдаалдарда аракеттенген типтүү образдар. Эгерде жогорку аңгемедеги айрым деталдарга киши ишене албай кыйналса, мындан кымындай да андай күмөнсаноолордун жаралбаганын айтуубуз керек. Аргасыздан ошондой тагдырга кабылган Зоя, анын башынан кечирген окуялары турмуш чындыгы эле... Аңгеме окуган адамга күчтүү таасир калтырат. Мында соңку мезгилдерде адамзат үчүн таңкыс жана зарыл болгон кайрымдуулук идеясы таспиеттелет. Касымбек араң үй – бүлөсүн багып жатып таштандынын жанынан кезиктирген бомж аялга боору ооруп, аны ээрчитип үйүнө алып барат. Үйдө ооруп жаткан аялы Зарыл да бомж аялды жакшы, кайрымдуулук менен кабыл алат, үйүнөн орун беришет, бирге жашап калышат.

Социалдык мындай проблема токсонунчу жылдардан берки мезгилде гана курч туруп жаткан, бирок бул аңгемедеги кайрымдуу адамдардын арабызда аз эле экендигин билсек да маани бербей жүргөнбүз. К.Сыдыгалиевдин “Бомж” аңгемесин окугандан кийин гана бул проблема тууралуу терең ойго келет экенсиң. Бул аңгеме да Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарынын бир көрүнүшүн көркөм сүрөттөгөн мыкты аңгемелердин катарын толтуруп турат деген ойду айтып коюу парзыбыз.

Композиция – түзүү, бириктирүү, байланыштыруу деген маанини түшүндүрүп, көркөм чыгарманын курулушун аныктаган, көркөм форманын маанилүү элементи. Ал көркөм чыгарманын мазмунуна, мүнөзүнө жана аткарган милдетине ылайык түзүлөт. Окуяларды көркөм чагылдыруунун бирдиктүү бир системасы, чыгармадагы көркөм образдардын системасы менен жуурулушкан абалда болуп, аларды толук кандуу ачуу үчүн колдонулуучу каражат катары да кызмат кылат. Чыгарманын каарманынын образын түзүүдө автор үчүн композициянын негизги элементтеринин бири катары портреттин мааиси чоң. Эгемен жылдары жарык көргөн аңгемелердин ичинен жазуучу Жумабек Токтогазиевдин “Чагылгандын изи” деген аталыштагы аңгемелер жыйнагына кирген “Бүкүрдүн үйлөнүү үлпөтүндө” деген аңгемесиндеги каармандын (үйлөнүп жаткан бүкүр адамдын) портретин түзүүнүн мыкты үлгүсү деп айтууга негиз бар. Аңгеменин башында үй ээсине автордук мүнөздөмө берилет. Ал – элүүдөн ашып калган, бүкүр киши, автордун айтуусунда чал деп койсо да болот экен. Портретин жазуучу мындай тартат: «Чекесин кабат-кабат терең бырыштар басып, кекиртек териси биротоло шалбырап калган»... «Колдору негедир узун келип, тезесинен кыйла ылдый ашып турат. Деген менен чалдын булчуң эттери чың тартып али кайраттуу, демдүү да экени сезилет. Шадылуу салааларынан барсайып чыккан күрөө тамырлары көкмөк болуп, тээ каруу булчуңдарына чейин тартылган... Ырас, маңдай чачы эбак эле жыдып калыптыр. Чекесине толгон тилке бырыштарына жарыш кеткен кайраттуу жана узун буурул муруту анын маанайы пас, бирок токтоо өңүнө жарашып тургансыйт». Автор каарманын портретин жөн эле тартпай, анысын контрастуу портрет абалында тартат: “бүкүр жана үйлөнүү үлпөтү”; барыш баскан жүз жана кайраттуулук”; “тизеден ылдый түшкөн узун кол жана демдүүлүк”; “чачы жыдыган маңдай жана шадылуу салаалар”; маанайы пас, ошол эле мезгилде токтоо”... [6, 77-81 бет.].

Кыргыз аңгемелериндеги композиция маселеси адабиятчы А. Медетовдун диссертациясында баралына жеткилең иштелгендигин айтуу зарылдыгы бар. Ал композициянын элементи катары диалогду карап, “кыргыз ангемесинде диалог куруунун өздөштүрүү элүүнчү жылдардын аягы, алтымышынчы жылдардын башына туура келет. Реалисттик прозанын келиши менен диалогдун мурдагы иллюстративдик (информативдүү) баяндоочулук мүнөзү өзгөрүп, жаңы изденүүлөр пайда болду. Аңгемеде диалогдун аткарган ролунун татаалданышы менен структурасы өзгөрдү. Диалог көркөм жүк көтөрүп, сюжетте окуянын кийинки өнүгүшүн аныктаган экспозициянын ролун, окуянын чиелениишинин да ролун аткара баштаган. Ошентип, диалог баяндоону драмалаштыруу менен сюжеттин эмоционалдык чыңалуусуна түрткү берип, өтүп жаткан окуянын табышмактуулугун күчөтөт. Диалог баяндоодон өзүнүн функциясы боюнча активдүүлүк кылган учурлары сейрек кездешет. Активдүү болуп кеткен учурда деле диалог өзүнүн салттуу формасын сактап өзүнүн баяндоочулук – иллюстративдик сапаттары менен конфликтин өнүгүшүнө шарт түзөт” [3, 16-бет.], - деп, мындай пикирин Ч. Айтматовдун “Түнкү сугат” аңгемеси аркылуу бекемдейт.

Көркөм чыгармачылыктын проза жанрынын башка түрлөрү сыяктуу эле аңгемелердин да композициясынын маанилүү элементтеринин бири катары портрет. Ал жогоруда сөз болгондой каармандын жан дүйнөсүн психологиялык жактан изилдөө, анын мүнөзүн ачып көрсөтүү сыяктуу көркөм функциясы аркылуу булар менен тыгыз карым – катышта болот. Анткени көркөм чыгармачылыктын негизги каражаттарынын бири да ушул портрет. Бул боюнча адабиятчы А. Медетов минтип жазат: “Адабий портрет чыгарманын поэтикасы менен тыгыз байланышкан. Чыгарманын бардык структуралык элементтери, башкача айтканда, фабула, композиция, сюжет куруу, айтор, бардык элементтер портреттин жаралышына жана жашашына шарт түзүп, ажырагыс биримдикте болуп турат. Ушундан улам жалпылаштырылган түрүндө кабыл-

данышы да мүмкүн, бирок турмуш агымында, социалдык чөйрөнүн арасында сүрөттөлгөн каарман өзүнө гана таандык сапаттарын, индивидуалдык мүнөзүн сактап калат. Мезгилдин духун берүүдө, каармандын мүнөзүн түзүүгө чоң роль ойногон ошол белгилер кеңири сыпаттоо же салыштыруу, же таамай сүрөттөө, же бир детал аркылуу берилет” [3, 20-бет.].

Сюжет менен композициянын элементтерин аңгемелеринде мыкты пайдаланган авторлордун катарына мурда, совет мезгилинде жазуучу катары окурманга маалым болуп калышкан М. Гапаров, К. Жусубалиев, О.Айтымбетов, Б.Усубалиев, А.Матисаков, М.Каримов сыяктуу авторлордун Кыргызстандын эгемен жылдарында, тагыраагы, токсонунчу жылдардын биринчи жарымында жарык көргөн бир катар аңгемелерин кошууга болоор эле. Буларга аңгеме жанрынын теориялык маселелерин изилдеп жүргөн адабиятчылардын айтуусундагы “Чеховдук лаконизм”, “Тургеневдик курч динамика”, “толстойлук нрава” билгичтик менен мыкты иштелгендиги мүнөздүү.

***Адабияттар***

*1. Горький М. Собрание сочинений /М.Горький. – М.: Политическая литература, 1985. - Том 7.- 215 бет.*

*2. Касыбеков Ү. Народные эпические традиции и генезис кыргызской письменной прозы /У.Касыбеков. – Б.: Илим, 1992. – 178 бет.*

*3. Медетов А. Кыргыз ангемелеринин поэтикасы: сюжет жана композиция маселелери: фил. илимд. канд. дисс. автореф. / А.Медетов. – Бишкек, 1996. - 21 бет.*

*4. Рай Ж. Авангард. Аңгеме / Ж. Рай //Ала – Тоо, 2013. - № 10. -84 бет.*

*5. Сыдыгалиев К. Бомж. Аңгеме / К.Сыдыгалиев // Ала – Тоо, 2014. - № 4. - 37 бет.*

*6. Жолмат кызы Д. Кыргыз аңгемелери жана алардын идеалык-тематикалык өзгөчөлүктөрү / Жолмат к.Д. // Вестник БГУ, 2021. - №1(55). - 77-81 бет.*

***УДК: 8.1751.82-16***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.59.42***

***Элебесова Б. Б.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ,*
*аспирант*

## КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА ФИЛОСОФИЯЛЫК БАШТАЛМАЛАР

### *Кыскача мазмуну*

*Кыргыз поэзиясында түбөлүктүү өлбөс, өчкүс темаларга арналган ырлар философиялык маанайда жаралып, поэзия казынасына өз салымын кошуп келет. Өлүм жана өмүр, сүйүү жана жек көрүү, үмүт жана коркуу ж.б. кубулуштардын маани-маңызын баамдап, аларды кеңири чекте, жалпы деңгээлде түшүндүрүүгө аракеттенген акындардын поэзиясында философиялык ой-мазмун даана көрүнүп, окурмандарды ойго салат. Демек, адам жөнүндөгү философиялык мотивдер акындын жалпы чыгармачылыгынын чегинде, анын көркөм ойлоо өзгөчөлүгүнүн негизинде каралышы керек. Адам табиятын философиялык өңүттөн кароо боюнча кыргыз поэзиясында өзүнүн салттары иштелип чыккандыгы жана кийинки муундагы акындар ошол салттарды өздөштүрүү менен бирге жалаң эле улуттук адабият менен чектелбей, дүйнөлүк поэзиядагы учкундарды өздөштүрүп, адам табиятын философиялык образдар менен берүүгө умтулушат*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кыргыз, поэзияда философия, ыр, адабият, коом, сезим, өмүр, өлүм, түбөлүктүүлүк, акын.*

## ФИЛОСОФСКИЕ ИНИЦИАТИВЫ В КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ

### *Аннотация*

*В кыргызской поэзии стихи, посвященные бессмертным темам, созданы в философской атмосфере и вносят свой вклад в сокровищницу поэзии. Смерть и жизнь, любовь и ненависть, надежда и страх и так далее. В поэзии поэтов, пытающихся понять сущность явлений и объяснить их шире, в более общем виде, содержание философской мысли кажется ясным и заставляет читателей задуматься. Поэтому философские мотивы о человеке следует рассматривать в рамках общего творчества поэта, исходя из его художественного мышления. Дело в том, что кыргызская поэзия выработала свои традиции философского рассмотрения человеческой природы, и следующее поколение поэтов не только в национальной литературе, но и в мировой поэзии стремилось передать искру человеческой природы в философских образах.*

***Ключевые слова:*** *кыргыз, философия в поэзии, стих, литература, общество, чувства, жизнь, смерть, вечность, поэт.*